Нарсулуу Гургубаева

# АЛЫСТАГЫ АК ЖАРЫК



«Улуу Тоолор»
Бишкек –2016

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
Г 95

Г 95 **Гургубаева Нарсулуу.**
**Алыстагы ак жарык.** – Б., Улуу тоолор, 2016. – 48 б.

ISBN 978-9967-470-27-9

Аннотация керек!

**Г 4702300200–16**

**УДК 821.51**
**ББК 84 Ки 7-5**

ISBN 978-9967-470-27-9
© Гургубаева Н., 2016

## ЖАРЫКТЫН ЖОЛУ ЖАРЫКТАН БАШТАЛАТ...

*(Нарсулуу Гургубаеванын отуз үч ырына үч сап сөз... )*

*Жашоонун маңызы эмнеде?.. Бул суроону бири-бирибизге ачык бербесек да, ал ой дайыма жүрөгүбүздө алманын уругундай жүрө берет... Ал качандыр бир убакта, мезгилдин бир мезгилинде, жылдардын бир жылдарында, күндөрдүн бир күндөрүндө... бизге собол болуп келет?.. Күн шашкени жарып түшкөн чагылгандай, кар сапырып, бороошонун бийлиги араан салып турган кыл тиштеген суукта... алаканга конгон жылуулуктай... караңгыдагы ийне учундай көзгө сайылган шооладай, жүрөк агарткан жарыктай болуп келет... бу турмуштан баарыбыз өзүбүздүн жарыгыбызды издейбиз... Ал жарыкты кайдадыр качырып жибергендей издеп келебиз...*

*Адам көзү – жарыкта. Жашоо кареги жарык... Ага Кудайга табынгандай табынабыз... жарык менен жашоонун маңызы эмнеде? Жарыкты-*

*кы жашоодо, жашоонуку жарыкта чыгар... Мээ ойлорго часырап чыгат... Эки аралык, алыста жүргөн, бир түйүлдүктөй көрүнөт бизге... Ал көрүнөбү?.. Аны көрө алабызбы? Бул да суроо... Көзгө урунгандын баары жарык эмес, жарыкты эң оболу биз жүрөк менен көрөбүз, сезим менен тааныйбыз...*

*Капилет, жарык жөнүндө сөз боло калса, качандыр бир убакта о дүйнө салып кеткен энемди эстейм...* ***«Караанынңдан, жарык!», «О, жаныбар, жарык!»*** *дээр эле... ал туйган, ал оозанган бу сөздөргө, ошол кызыл шыйрак мезгилде эмес, азыр да, чындыгын айтсам түшүнбөй келем чыгаар... Жарык менен жаны бирдей сүйлөшөр эле... Жарык денесине уюп калгандай сүйлөшөр эле... Ал элес ошо эски журтта калды... Жарык менен энемдей сүйлөшө албайм, жарык менен жандаш боло албайм... Ал жарыктын өңү да, түсү да, нуру да... бир башкача болгон чыгар... мен аны кездештире албай келем... ал алыста... алыста... алыстагы ак жарыктай нур агызып турса керек... биз өмүр бою, ошо жарыкка умтулабыз.. умтулганыбызды сезбей жатып умтулабыз... Ал – чыныгы жарык... ал дүйнөтааным жарыгы...*

*...Негедир ырды, поэзияны алда канча жакшы көрөм... Анын себебин, уйкаштыктан, ыргактуу*

*саптан, кыналган кирпичтей болгон түрмөк-төрдөн көрбөйм... ал ырларда сөз болуп согуп турган жүрөгүмдүн кагышын таап алгандай сезимди туям... Ал тек гана, менин гана купуя жансырымдыр... жансезимим чыгаар... а балким ошо сапта менин да тагдыр штрихим барбы деп ой болгойм... Поэзия бу реалдуулукпу же эмоциянын кыл чокусубу?.. Адам өз денесине батпай, сезимдердин ээ-жаа бербеген* ***«тогузунчу валында»,*** *же болбосо сөз аркылуу өз тагдырын айткысы келгенде аны ырдын тар дүйнөсүнө, ойдун кең дүйнөсүнө салат чыгар...*

*Ырларды көп окудум... окуй элегим андан көп...*

*Колумда али жарык көрө элек... (а балким автордон башка бир да жан окуй элек чыгаар бул саптарды...) саптарга баткан тагдырдан... али батпай калган тагдырдын көп чекити бул жарык көрө элек ыр жыйнак... жарыкты, алыстагы ак жарыкты күтүп жатат... бул ыр саптарды окуп жатып, өзүмдүн, сиздин, биздин, баарыбыздын тагдырыбызды таап алгандай кызык ойдо калдым... Бу «Кең дүйнөнүн бир бурчунан кусалык...» үнү угулду... Ал «Бул дүйнөнүн бүлк-бүлк соккон жүрөгү...» беле...*

*Ошол үндөн кайрат алып талыккыс,*
*Биз мезгилге карыз түзбүз, калыспыз.*
*Эртең кайра кулайбыз деп бооруңа,*
*Бүгүн сага алыстыктан алыспыз...*

*Бул саптар акын Нарсулуу Гургубаевага таандык... Нарсулууну көрбөгөнүмбө, ырларын окубагыныма көп болду... бирок, мен ырларынан, ырынан анын өзүн таап алдым... Мындан жыйырма жылдай оболу... жолуккан элек... Ырындай секелек кыз... мага эми турмуштай татаал көрүндү... ойлору чулу... сезимдери... турмушта сыналгандай көрүндү... Өңүнөн таанып, ырларынан тааныбай турдум... бул кыздын ырларында, саптарында тагдырдын алыстагы ак жарыгы көрүндү...*

*Жарыкка умтулган адам гана, жарыкты кеп кылат... Күн чакчайып турса да, өз мурдун көрбөгөн бу заманда адам тагдырынын татаал дүйнөсү ойлорду да татаалдатып жиберди...*

*Ушул жашоо... Талаа болуп күнөстүү,*
*Калаа болуп... Бекет болуп башталып,*
*Капыс анан өчкөн эле жүрөктөн,*
*Мени ээрчиткен, мен ээрчиген ак жарык.*

*Жүрөктөгү ошол жарык өчкөндөн*
*Өзүм кошо өчпөйүн деп тырыштым.*
*Терезеден тиктеп жашап көнгөндөр*
*Терезеден мени тиктеп турушту.*

*Жандагандар караңгыны эп көрбөй,*
*Башка жактан жарык издеп кетишти...*
*Балким мага керек эмес кеткендер,*
*Балким мага өчкөн жарык жетиштүү.*

*Караңгыда өзүмдү өзүм жетелеп,*
*Өзүмдү өзүм издедим да, жоктодум.*
*Теңир менин сылаган жок бешенем.*
*Өзүм да ага бешенемди тосподум...*

*Билгенимен биле элегим көп эле.*
*Жарыгы жок көптү көрдүм, түшүндүм.*
*Мен кагылган ушул эски көчөлөр*
*Бүгүн менден чейрек кылым кичүүдүр...*

*Ушул жолдон, уюп калган муң-зарга,*
*буюктурган бурганактар, куюндар,*
*Үңүлүшүп үнү бүткөн жылдарга,*
*Мени көрөт мен көрбөгөн кылымдар.*

*Үңүлүшүп жарыгы өчкөн жылдарга,*
*Бизди көрөт биз көрбөгөн кылымдар...*

*Бу саптар эмне дейт?.. Не деген ой түрүм?.. Бу саптар акындын ырыбы же тагдырдынбы? Экөөнү ажырым кароого болбогон саптар... Нарсулуу бу саптарды бешенесиндеги тагдырдын бырышындай, маңдайдын кара териндей, жүрөктүн кагышындай... сызырылган Адамдык симфонияга салып, анын ар бир ирмеминен, жүрөктүн согуш демин сездирип турат...*

*Бактылуу болуш үчүн бул дүйнөдө*
*Бакыттын эмне экенин билбеген оң...*

*Бу не деген конформизм?.. Не деген дүйнөнүнүн мыйзамына каршы багыт алган «бунтардык»?.. А, чындыгында биз ушул дөөлөткө карай сапар алган жолоочудай жер карытып, аралык калтырып, мезгил арытып келебиз да?.. «Бакытка, адамдыкка бакытка жетейли» деп? Бактылуу болуш үчүн гана бакытка умтулуу адамга аздык кылаар? Акындын бизге таштаган ою да, соболу да, турмуш маңызы да ушул чырпынды сапта жаткан чыгар? Лорка айткан беле?.. Акын «планеттик жандык эмес, планеттик ой» деп... Ал ой агымга анти (тетири) ойлордо жатат... Нарсулуунун ырларында ыймандык постулаттар ички драма менен коштолуп турат. Адам*

*адамзаттын бир чырпыгы, ошол чырпыктын жарыкка карай умтулганы... анын жашоого болгон күрөшү... Нарсулуунун ойлору рамкага сыйбаган, мейкиндиги чеги жок, мезгилин тааныбаган, «мендик» дүйнө менен «ааламдык» дүйнөнү адам аркылуу, анын ички коллизиясы аркылуу аңдагандыгы... албетте, бу анын стандартташпаган өзгөчө чыгармачыл инсан экенин каңкуулайт...*

*Жашоонун туура көргөн катасы үчүн*
*Жашайбыз эки өйүздө жалгызсырап.*
*Бизге азыр бүтүн болуп жашаш үчүн*
*Дүйнөнүн бүтүндүгү аздык кылат. ..*

*...Нарсулуу... баягы мен көргөн Нарсулуудан мага анын аты эле калгандай түюлду... Чындыгында тагдыр, мезгил, турмуш... анын жүрөгүнө мөөрүн салып, жашоого болгон энтамгасын... жашоонун кылка эмес кырларында сынагандай сезилди... Дүйнөнү акыл менен тааныйбыз, тагдыр менен сезебиз... Жашоонун мыйзамы ушундай... Ал мыйзамды өзүбүз аныктайбыз, өзүбүз ошол дөөлөт менен жашайбыз...*

*Тулкуңду куру намыс сүдүрөгөн,*
*Тунартып бүткөнү чын ичтеги өлүм.*

*Адамдын жанмазары – анын жүрөгү, жүрөк соксо да, анын жашоого болгон көз карашы, туюму, ишеними, сүйүүсү, тилеги, үмүтү өчкөнүн эбак билбей калган, тирүү туруп, өлгөн сезимди сүйрөп жүрүү адамтааналык эмеспи... Нарсулуу ушул саптан адамдагы «менди», адамдык эң башкы «табуну» жоготуп алуу дүйнөнү жоготуп алган менен барабар экенин бизге айтып отуру...*

*Жек көрүп, жектеп жашап калганың чын*
*Арт жакты көздөй кетчү издериңди...*

*...адам өзүнө-өзү гана жаны ыраазы болбой, өзүнө-өзү алда канча талапты кое билсе гана, ал – Адамдык мыйзамдын формуласын ачат... Өзүңдү-өзүң аңдай билсең гана, бу дүйнөнүн капкалуу сырын ачууга, аны түшүнүүгө бет аласың. Адам өзүн аңдамайын Ааламды аңдай албайт. Аалам да адамдан башталат...*

*Татаалдыкты сүйгөн, татаалдык менен күрөшүүгө дем байлаган, татаал ойдон, татаал дүйнөнүн сырын, сырдуу дарбазасын ачууга белсенген Нарсулуунун ырларынан... эң оболу анын жандүйнөсүн көрдүм... Ал өзүмдүктүн эмес, баарыбыздын дүйнөбүз... бул ырлар өзүбүздү-өзүбүз түшүнө билүүдөгү алыста бүлбүлдөп күйгөн ак жарык мисал...*

*Айтмакчы, Нарсулуу, мен жыйырма жыл илгери билген Нарсулуунун бул ыр китебине отуз үч ыры кириптир... Бул санда, бул ырларда кандай сакралдык (купуя) түшүнүк бар... Отуз үч... өмүр бою адамды жандүйнөнүн жарыгына алып чыгам, жарыкка карай жол көрсөтөм деген Иса пайгамбар да... отуз үч жашында улуу жолго, жарыктын жолуна бет алган... А балким, бу отуз үч ыр да... эми жүрөгүбүзгө... ошол жарыктын илебин улантып, жаш акындын сапары карыбас ак жарык жолунун башталышы чыгаар...*

*Адам адамдын жүрөгүнө жарык чача билүүсү керек...*

*Жолдорду, алыска кеткен жолдорду жүрөктүн жарыгы гана агартат...*

**Султан РАЕВ,**
Кыргыз эл жазуучусу,
Токтогул атындагы мамлекеттик
сыйлыктын лауреаты,
жазуучу жана драматург

* * *

Күлкүгө суз, күйүткө суз, жашка суз,
Күн өткөрүп сенсиз, ансыз, башкасыз,
Жашап келем жашап болбос калаада
Кол чатырсыз, үй дарексиз, акчасыз...

*2008-ж.*



* * *

Алыстыкты жазыш азыр кандай оор!
Алыстыктан арзыш сага – андан оор.
Сан ичинде саргалдактай кылайган,
Санаа-сыркооң менен, Журтум, аман бол!

«Келем» дебей, сенден кетүү күч алып,
кайтаар жолдо кадамыбыз тушалып...
«Аманбыз» дейт үнү менен апамдын
кең дүйнөнүн бир бурчунан кусалык.

Ошол үндөн кайрат алып талыккыс,
Биз мезгилге карыз тузбуз, калыспыз.
Эртең кайра кулайбыз деп бооруңа,
Бүгүн сага алыстыктан алыспыз.

Кайтабыз деп кайралып да, бүлөнүп,
Сенден кеттик, кеткен себеп жүйөлүү.
Сен аман бол себеби жок кырсыктан,
Бул дүйнөнүн бүлк-бүлк соккон жүрөгү!

Бул дүйнөнүн бүлк-бүлк соккон жүрөгү...

*2009-ж.*

* * *

Ушул жашоо... Талаа болуп күнөстүү,
Калаа болуп... Бекет болуп башталып,
Капыс анан өчкөн эле жүрөктөн,
Мени ээрчиткен, мен ээрчиген ак жарык.

Жүрөктөгү ошол жарык өчкөндөн
Өзүм кошо өчпөйүн деп тырыштым.
Терезеден тиктеп жашап көнгөндөр
Терезеден мени тиктеп турушту.

Жандагандар караңгыны эп көрбөй,
Башка жактан жарык издеп кетишти...
Балким мага керек эмес кеткендер.
Балким мага өчкөн жарык жетиштүү.

Караңгыда өзүмдү өзүм жетелеп,
Өзүмдү өзүм издедим да, жоктодум.
Теңир менин сылаган жок бешенем.
Өзүм да ага бешенемди тосподум...

Билгенимен биле элегим көп эле.
Жарыгы жок көптү көрдүм, түшүндүм.
Мен кагылган ушул эски көчөлөр
Бүгүн менден чейрек кылым кичүүдүр...

Ушул жолдон, уюп калган муң-зарга,
Буюктурган бурганактар, куюндар,
Үңүлүшүп үнү бүткөн жылдарга,
Мени көрөт мен көрбөгөн кылымдар.

Үңүлүшүп жарыгы өчкөн жылдарга,
Бизди көрөт биз көрбөгөн кылымдар...

*2015-ж.*



* * *

Өзүңдөн, өзгөлөрдөн, өзүмдөн да
Кеткем мен жолду тандап жөнү бөлөк.
Бул жолдо сага айтылган сөздөр жалган,
Айтылбай калган сөзүм төгүндөлөт.

Бул жолдо сырым жалган жүрөктөгү.
Чындыгым, билем, көбүн сүйүндүрөт.
Билгенин айтса айтышат, бирок мени
«Билем» деп айта албайт кийин бирөө.

Бул жолдо ыйым жалган, күлкүм деле.
Эсимде калбайт кайгым, кубанычым.
Жан көрсөм, бирок кокус муңкүрөгөн
Жанында башын жөлөп тураарым чын.

Жөөлөшөт, түртүп өтөт жолдогулар.
Жөөлөндүм, үндөбөдүм... Күндү ээрчидим...
Эстедим, кечкенимди бар-жогунан,
Бактысын көтөрө албай күндөшүмдүн.

А бирок ушул жолго, каран калган
Каяктан келгенимди эстей албай,
Эр жүрөк көрүнүштү анан мага
Эсинен, эсендиктен кечкен жандар.

...Мени эми күтпөгүлө, күйбөгүлө.
Кайрылбайм, кайтпай калдым ушул жолдон...
Бактылуу болуш үчүн бул дүйнөдө
Бакыттын эмне экенин билбеген оң.

Бактылуу болуш үчүн бул дүйнөдө
Бакыттын эмне экенин билбеген оң.

*2015-ж.*

* * *

Башынан башаламан бул өмүрдө
Биз азыр жат эмеспиз, өз эмеспиз.
Сүйүлгөн, сүйгөн үчүн күнөөлүүдөй,
Болгону тагдырлашпыз, көчөлөшпүз.

Жашоонун туура көргөн катасы үчүн
Жашайбыз эки өйүздө жалгызсырап.
Бизге азыр бүтүн болуп жашаш үчүн
Дүйнөнүн бүтүндүгү аздык кылат.

Мен азыр сенин ыйың кошо ыйлап,
Кайгырсам көрөм сенин кайгырганың.
Азаптан экөөбүздү бошотчудай
Бактысын тилейм кээде жалгыздардын.

Билбеймин, кайда барам, кагылайын,
Өзүңө буйрубаган сүйүүм менен?!
...Сен – менин үзүлбөгөн жалбырагым.
Мен – сенин жалбырагың үзүлбөгөн...

Бар туруп, бул дүйнөдө жартыбыз биз,
Өтөбүз өксүк бойдон сүйүү издеп...
Башкалар жашап эми бактыбызды,
Башкалар эми биздей сүйүлүшөт.

...Мен – сенин үзүлбөгөн жалбырагың...
Сен – менин жалбырагым үзүлбөгөн...

*2014-ж.*

* * *

Карабай ойду, тоону, туш тарапка
Өзүңдөн өзүң качкан күндөр келет.
Башыңды басып түшүп муштай асман,
Жолуңдан жол издейсиң ый көрө элек.

Жанында жайдаңдаган ким бирөөлөр
Көшөрүп көрбөйт ыйың, тиштенгениң.
Тулкуңду куру намыс сүдүрөгөн,
Тунартып бүткөнү чын ичтеги өлүм.

Кумсарып максатыңдын куну качкан,
Кудайың көптөн бери үндөй элек.
Ай ыйлап асманыңда угузбастан
Күн өлөт жүрөгүңдө, гүлдөр өлөт...

Сүйүү өлөт...
Сүйүү үчүн, арман үчүн
Бoштукка келгениңди билген күнү
Жек көрүп, жектеп жашап калганың чын
Арт жакты көздөй кетчү издериңди...

*2014-ж.*

* * *

Мендей чарчап, менден чарчап ооруган,
Кейиши көп, бейити көп кең дүйнө…
Жаңылгандын жарык болуп жолуна,
Жыгылганга жөлөк болгум келди эле…

Эмнеге анан керең-дүлөй кеч менен,
Жалгыз-жарым жолго чыктым, билбеймин…
Жүрөк менен бакыт, сүйүү жетпеген,
Кандай кыйын сүйүп жашаш дүйнөнү!

Тосот жолдон тозоктонгон тирүүлүк.
Аркыраган шамал тосот алдымдан.
Неге унутуш үчүн жалгыз сүйүүнү,
Мен өзүмдү бүт унутуп калгым бар?!

Алдымда азыр мен жоголгон жол жатат.
Билем, чөктүм, өзүмдү өзүм чөгөрдүм.
Кайтпас болуп кетүү кандай чоң ката.
Өлбөй туруп өлүп көрүү – чоң эрдик!

Мендей ыйлап, мен деп ыйлап кысылган
Катасы көп, карасы көп ак дүйнө…
«Кырк айрылыш ушул жолдун учунда
Деңиз бар» – деп бирөө мага айтты эле…

*2016-ж.*

* * *

Жашалбаган жашоо кандай таттуу да,
Ыйланбаган көз жаш кандай таптаза...
Адам таппай жакшылыгын айтууга,
Балким, мага эртең бирөө кат жазат.

Узун жазат, шашпай жазат... Жүрөктөн,
Сурайт менин ден соолугум, абалым.
Жооп жазыш үчүн балким, сүрөттөп,
Бүгүн ооруп жатам, бүгүн жаманмын.

Ооруп  жатам, ооруп... Жалгыз башымды,
Батыралбай ушунча кең дүйнөгө,
Жалгыз туткан жалгыздыктан жашынып,
Олтурамын өзүмө-өзүм сүйлөбөй.

Олтурамын сүйлөбөй да, эстебей,
Эңшерилткен эски сүйүү кайгысын.
Мындан ары мындай улуу кек менен,
Мени Кудай менден гана айрысын!

Менден гана... Башка эч качан эч кимди,
Мага Кудай бербесин да, албасын!
Мына дагы жүрөк согуп чечкинсиз,
Мына дагы түшүп барат кан басым...

Жашалбаган жашоо кандай таттуу да,
Ыйланбаган көз жаш кандай таптаза...
Адам таппай жакшылыгын айтууга,
Балким, мага эртең бирөө кат жазат.

Жалгыздыгы бөксөрсүн деп ушунун,
Балким, мага бирөө узун кат жазат...

*2013-ж.*

## Энем Айканга

Билем, эне. Мен – мезгилдин сыныгы,
Баскан жолун, башат тегин унуткан.
Кыйын мага адам болуу чыныгы.
Аял болуу андан кыйын, куруп кал...

Тилегиң ай! Байлык, бала, көшөгө,
Өмүрлүк жар ичпеген да, чекпеген..
Күткөнүбүз үчүн балким, экөөлөп,
Бүгүн, эне, мен бакытты жек көрөм...

Сурабачы «неге, кантип, кандай» деп,
Өмүрүмдүн сен түшүнбөс бул жагын.
Ансыз деле каталарым канды жеп,
Ооруга оору, ойго ой кошот, муңга муң.

Биз мезгилди бирге жашап жатабыз,
Эки башка дүйнө менен, ой менен.
Жарыктыгым, сенин батаң – катасыз,
Мен, чамасы, жаңылганды оң көрөм.

Мен, чамасы, жаңылганды оң көрөм...

*2007-ж.*

* * *

Кечирим, оо сен азыр сурабаган
Туюлат айтылбаган каргышымдай.
Кечирем бүгүн, эртең, кийин, анан...
Болгону сурап үлгүр, жалгызым ай.

Мен сенден кече электе, кете электе
«Ак жол» де, эркиң жетсе, текеберим.
Калганга кадырлаш көп, кечелеш көп,
Жолу оор, жолу катуу кеткендердин.

Билем мен: сүйүш, аяш, жалынычтан
Айыпты моюнга алуу кыйын азап.
Мен сага кетпей туруп – жаңы душман,
Сен мага – болгону бир жылуу башат...

Андыктан кечиктирбей «кечиргин» де,
Кем сөздүү, кексе пейил «жарым кудай»...
Сендейден кечүү – чыны, кесир, күнөө,
Сендейден кетүү – бирок карызымдай.

Сендейден кетүү – бирок, карыз чындап...

*2005-ж.*

* * *

Сыйын алып, сынык чыны албастан
Чыгып кеткен аял өңдүү үйүнөн,
Кетем сенден көлөкөмдү эш кылып,
Ааламыңа сыйбай калган күнү мен.

Менин атым чымчыганда эсиңди
Жараткандан мага бүтүн бак сурап,
Жашайсың сен өзүң менен өзүң бир,
Жар күтсөң да мендей, менден жакшыраак.

Кол серпесиң бийиктерден бийикке,
Бирок сага мунун баары кем өңдүү,
Сагынасың жаз жыттанган чачымды,
Сагынасың Күн жыттанган денемди.

Сыйын алып, сынык чыны албастан,
Чыгып кеткен аял өңдүү үйүнөн
Кетем сенден көлөкөмдү эш кылып,
Ааламыңа сыйбай калган күнү мен...

*2004-ж.*

* * *

Эркин, эрке, бирде жымжырт, мээлүүн бир,
Мен – ушундай туругу жок шамал-жан.
Ортосунда оордук менен жеңилдин
Жасалгам мен, жакшы менен жамандан.

Кээде согуп багытыңан тескери,
Кээде жумшак бешенеңди сыладым.
Катуулугуң желпип өттүм жепжеңил,
Боштугуңа бороон болуп чыдадым.

А сен менин жакшылыгым сүйө албай,
Жамандыгым же коё албай жек көрүп,
Баратасың баш-аягың жыя албай,
Өз кесеңде өзүң менен бөксөрүп.

*2004-ж.*

* * *

Төрөлбөгөн балдарымдын атасы!
Жөрөлгөнүн жөндөп, түздөп катасын,
Мендик бойдон өтүш үчүн бүгүн сен,
Мендик бойдон бүлө күтүп жатасың.

Мендиксиң сен, мендик эмей эмине?!
Кемтиксиң сен менсиз айтаар кебиңен.
Мага арналчу сөздөрдү угуп колуктуң,
Менин демим тыңшап азыр демиңен...

Жомоктосоң сен мен сүйгөн жактарды,
Көлөкөсү көзүңдө ойноп ак шамдын,
Оюн баспай, ордум баскан ал кургур,
Мен сүйлөөчү сөздү таппай жаткандыр?

Төрөлбөгөн балдарымдын атасы!
Жөрөлгөнүн жөндөп бүгүн катасын,
Мендик бойдон өтүш үчүн дүйнөдөн,
Мендик бойдон бүлө күтүп жатасың...

*2009-ж.*

* * *

Кыйык өңүн ыйык менен жашырган,
Кана, сүйүү, кана сенин асыл баақ?
Батыра албай турган кечээ койнума,
Бакыт бүгүн аттап кетти башымдан...

*2001-ж.*

* * *

Көңүлүңдү таштап келген көчөгө,
Аялыңдан каткан акчаң жылытпай,
Өз үйүңдөн жарыгы али өчө элек
Издейсиң сен жайлуу орун, жылуу жай.

Уул-кызың уу-чуу салган бөлмөдө
Көз кубантаар сендик буюм кезикпей,
Жашырасың, жалгыз башың өлбөгөн
Аргасыздан, арсыз, арзан гезитке.

А гезит не? Көчө, кече, чыр, сурак,
Жайнаган бу алдым-жуттум, сойкулук.
Көп дегенде көйрөң артис ырчыга
Үйлөнгөнү, ой жетпеген той кылып...

Күндө ушул, айтылаар сөз дүйнөгө,
Күндө ушул, угаар сөзүң дүйнөдөн.
Сен аргасыз мени эстейсиң үн дебей.
Унчукпоону мен өзүңдөн үйрөнгөм...

*2009-ж.*

## А. К.

Сенин пейлиң эски, баатыр шаар сымал,
Шаарыңа окшоп кененсиң сен, эстүүсүң.
Жашынгандыр жаш баладай артыңа,
Эски шаардын элеңдеген кеч күзү.

Жамгыр төгүп, автобустан кечигип,
Калып кеткен кол чатырың эстеп сен…
Аздай сага бир жумада жети күн,
А ырларың шаарыңа окшош кештечен.

Эски шаардын асманы азыр түнөрүп,
Жоо келчүдөй сүрдүү боло түшкөндүр…
Билем, бүгүн муңун уктуң бирөөнүн,
Бүгүн дагы сен кеч калып түштөндүң.

Келдиң үйгө өзүңдү өзүн узатып,
Бактылуу бир жомок айттың балаңа.
Жомокту угуп токтойт шашкан убакыт,
Аккан өмүр акпай турат салааңан.

*2010-ж.*

* * *

Куттуу үйгө кабар айтпай, чакыртпай
Келдим, досум, шамал буруп боз жолдон.
Сапарлашым — алчалуу күз, жашыл жай.
Санаалашым – тили каткан боз торгой.

Кези менен кээде сени эскерип,
Кеп бөлүшсөм деп тилегем кечте бир,
Айтсам дегем арман сырым жашырбай,
Кетсем дегем көөдөн бугун көмкөрүп...

Келдим бүгүн, олтур, досум, козголбо.
Атымды алба, аяй көрбө боор толгоп.
Мен болгону туругу жок селсаяк,
Азабымды жашырса жер жашырып,
Мени аяса жалгыз гана жер аяйт...

Ошол жашоо... Менде кайдан өзгөрүш?
Баягы мен, багыт тапкан жок жолдон.
Баягы мен, барга айланган жоктордон...
Тикенектей тилегимди көп көрүп,
Тикенектей тилегимди жек көрүп,
Тикенектей тилегим көз ачырбай,
Турмуш мага тирмийген бир боз коргон!

Бүгүн, досум, олтур, шашпа, шаштырба,
Ортобузда от тутансын чатырап,
Маектерден магдырасын жашыл бак,
Олтур досум, бүгүн олтур козголбой.
Кези менен кээде мени эскерип,
Кеп бөлүшсөм деп тилеген кечте бу,
Үнүңөн-ов мезгил менен коноздолгон,
Үйүңөн-ов балаң менен кештелүү.
Бакыт болуп түшкө кирээр боз жолдо,
Балаңдын бу балжыраган дептери!

Балаңдын бу баасы «жаман» (2) дептери.

*2006-ж.*

* * *

Бул өмүрдүн жазы бар да, күзү бар.
Бийиги бар, баткагы бар, түзү бар.
Жазын жаздай, күзүн күздөй жат билген
Бир мезгилдин менде калган изи бар.

Ар бир күнү кызыл канат көпөлөк,
Ал мезгилдин аты өзүнө төп эле.
Мени сүйгөн жигиттердин ичинде
Мен сүйүмүш эткендер да көп эле.

Кыял болсо бактуу, шактуу, бутактуу,
Кадамдарым мизинде ойноп бычактын,
Сүйүүгө окшош нерсени издеп түндөрдө,
Үнүн ээрчип кетеер элем сутактын.

Көркү менин көйнөгүмдү түзөгөн,
Ошол жылдын күзү өзгөчө күз эле.
Анан мага кезикти эле бир адам,
Ашпаган бир максат болуп жүзөгө...

Бул өмүрдүн жазы бар да, күзү бар,
Бийиги бар, баткагы бар, түзү бар.
Күнүн күндөй, гүлүн гүлдөй жат билген
Ошол күздүн менде дале изи бар...

*2003-ж.*

* * *

Өтөөр күндү элдей эле узатып,
Келээр күндү элдей эле тоскум бар.
Элдикиндей кыялдардан жаралган,
Элдикиндей күндөр, неге жоксуңар?

Азга арсар, көпкө чалпоо мендейге
Жарыгы эле жетет беле бир үйдүн...
Мен бакыттын баасын качан көтөрүп,
Андан көптү качан каалап үлгүрдүм?

*2002-ж.*

* * *

Узак жолдо учу-түбү карарган,
Каргыш тийгир, кадам сайын жаңы адам.
Оо мен сени тааный албайм, сен мени,
Изде, таань көп ичинен, жан аргам.

Тааны дагы, сурай көрбө атымды,
Аяй көрбө аарчылбаган жашымды.
Деңиз жыттуу шамалды ырда сен мага,
Аралды ырда, жайын-кышын жашылдуу.

Сага чейин жашыл арал, деңизсиз,
Азы арзыды, көбү мени жеңишти.
Атым сурап, аарчыгандар көз жашым,
Кайра мага көз жаш болуп беришти.

Узак жолдо учу-түбү карарган,
Каргыш тийгир, кадам сайын жаңы адам.
Оо, мен сени тааный албайм, сен мени,
Изде, тааны, сен мени тап, жан аргам.

*2007-ж.*

* * *

Өмүрүңө, кимдер башын бакпаган,
Мен келишим бир күн керек болуучу.
Каргыш айт же карыздар бол, жакшы адам,
Сага чейин келген ушул жол үчүн...

Кайдан, кайда сапар алдым баркы жок,
Өзүм гана акылымда өзүмдүн.
Бараткам мен жок ичинде барга окшоп,
Жетегинде желкеленип сезимдин.

Оо мендейге тагы менен ай таза,
Деңиз менин кабагыман чайпалат...
Бар ичинде жок экеним байкаса,
Сендей гана адам мени байкамак.

Өмүрүңө, кимдер башын бакпаган,
Мен келишим бир күн керек болуучу.
Карызмын мен, кадыркечим, жакшы адам,
Сага чейин келген ушул жол үчүн.

*2007-ж.*

* * *

Салам сага, шамалы оор түндүктөн,
Сабыры бек жашоодогу Жарыгым.
Онтоп жолдор экөөбүздү бир күткөн,
Ооруп келди мага бүгүн жаңы күн.

Алик алба, укчу мени үн дебей,
Жомоктошоор жоомарт маанай жок бүгүн.
Узак өмүр тиленчү элем күндө мен,
Келди минтип жашагандан коркчу күн.

Асман менен ар бир мүнөт түнөрүп,
Күүгүм түшпөй, күнүм бүтпөй телмирем.
Сендик болбой калган үчүн түбөлүк,
Катуу көрбөй турам азыр жерди мен.

Келип турат кетким, кечким өмүрдөн,
Кулагым бар бийиктерден төмөнгө....
Адам чиркин, миң күн жашап төгүлгөн,
Бир күн менен өлөт окшойт өлөөрдө...

Адам чиркин, жашоо күтүп төгүлгөн,
Бир күн менен өлбөсө экен өлөөрдө...

*2012-ж.*

* * *

Мен өмүрдөн кеткен кезде күз гүлдөп,
Өксүйт азы, өксүйт бирок чын дилден.
Арасында ажал сезип өзүн бир,
Бирөө болот күйгөндөрдөн көп күйгөн.

Ошол бирөө кездешүүгө кеч келип,
Өзүн аяп, өзүн өзү жек көрүп,
Жыйнай албай шамал жулган ойлорун,
Амал издеп тураары чын четте бир.

А мен болсо кеткен менен өмүрдөн,
Көксөөсүндө калып кетип көп ырдын,
Тегиз тиктеп адыр-будур дүйнөгө
Көздөрүндө жанып турам Теңирдин...

*2006-ж.*

## Алиман Абдыкеримовага

Күзгүмсүң сен, күзгү ырымсың... Күздөгү
Оо, бир ызаң көкүрөктө ызылдап,
Түздөнгөндө бир күн боюң түздөнүп,
Ыйлайсың сен миң күн мага угузбай.

Жазам менин, жазым менин... Жаздагы,
Байчечегим, кар алдында үшүгөн.
Жашайсың сен жаман сөздөн жазганып,
Салам күтпөй мен тааныган кишиден.

Кыйык тамгам, кыйыктанба... Болгону
Биз жашаган жашоо башка, биз башка.
Баары сынбайт бүк түшкөндөр жолдогу,
Жакпаса эле жаабай койбойт муздак кар.

Күзгүм менин, күзгү ырым... Күздөгү
Оо, бир ызам көкүрөктө ызылдайт...
Түздөнгөндө миң күн боюң түздөнүп,
Ырдайсың сен бир күн мага угузбай...

*2009-ж.*

## Мен – аялмын

Мен аялмын, түйшүк күткөн бактыман.
Бийиктикти, аруулукту жактырам.
Күйүттү да аялдарча көтөрүп,
Ой чабытты аялдарча чаптырам.

Дүйнөм менин тар дагы да, кең дагы,
Ырга толгон, ыйга толгон жан жагы.
Кош колунда турсам дагы ааламдын,
Кош колумда бүт ааламдын салмагы.

Катуулукту катуу кабыл ала алам.
Катуулукту жумшак менен жаба алам.
«Аял» деген, «Эне» деген ат менен
Кара бороон Ханга кадыр сала алам.

Улагада олтурсам да төрдөмүн,
Көктө калкып жүрсөм дагы жердемин.
Буйруп, буйрук кылгандарга жашоону,
Бул дүйнөнү мен энчилеп бергемин.

Келээр бакыт түбөлүкпү, күндүкпү,
Керээз кылып кесишим шарт киндикти.

Милдетим – бу эркектердин үстүнөн,
Түшүрбөстөн кармап туруу түндүктү.
Милдетим – бу адамзаттын үстүнөн,
Түшүрбөстөн кармап туруу түндүктү.

Мен – аялмын...

*2000-ж.*

## Дүйнө

Атылган октор, оттор кансыратып,
Дүйнө азыр шаңга жарды, жашка жарды.
Канчалар эки көзүн жалдыратып,
Көрүндө күйүп жатат башкалардын.

Үндөрдөн үңүлдөгөн, онтологон
Ай дагы башка асманда калкып барат.
Бул дүйнө турган менен жол-жободон,
Жер бүгүн дан жыттанбай, кан жыттанат.

*2015-ж.*

## Груз –200

*Чоочун жерде каза болгон мекендештериме,*
*алардын өмүрүн кыйгандарга, алардын өмүрүн*
*кыйууга мүмкүнчүлүк бергендерге*

Жүк-200... Жүз? Эки жүз? Мүмкүн миң,
Каргыш тийгир, сен канчанчы табытсың?!
Кимдин азыр чарт айрылып күлкүсү,
Кимге өчтү жанып турган жарык Күн?

Ушул жерге кан сураган, жан алган,
Кандай максат сени апкелди жетелеп?
Камгагым ай, калдаңдаган шамалдан,
Көчөтүм ай, көөнө бакка көчө элек...

Ким элең сен? Атасыңбы? Энесиң,
Же баласың үйдө жалгыз чырактай...
Кимдин азыр өрттөп жатат денесин,
Тирүү калган айыбы өзүн чыдатпай?

Тирүү калган... Сени тирүү билгендер
Эзет өзүн, эчен жылдар эсин жейт...
Сени апкелген кул жолдорду бул жерге
Сени апкеткен жолдор эми кечирбейт!

Эл бийлеген бектин, байдын, жакшынын,
Катасы – сен, бирок алар билишпейт.
...Өз кайгысын көрбөгөндөр бактылуу.
Төмөн турган төмөндүктү бийик дейт...

Жүк-200... Жүз? Эки жүз? Мүмкүн миң,
Каргыш тийгир, сен канчанчы табытсың?!
Кимдин азыр чарт айрылып күлкүсү,
Кимге өчтү жанып турган жарык Күн?..

*2016-ж.*

## Атам Өмүрдүн жаркын элесине

Жөнөкөй бир атанын
Бар эле алты кызы,
Алтоо эле алтын кушу...
Жашашчу баары алар
Кичине жаман үйдө
Айылдын четиндеги.
Кыздары атасы үчүн
Жаркылдап, мизилдетип жыйнап турчу,
Дүйнөнүн эшик-төрүн.

Ата үчүн бул дүйнөнүн
Жүрөгү – кыздары эле.
Кыздары күлсө күлүп,
Муңайса, дүйнө дагы муздаар эле.
Максаты бийик ата
Билимге, бийиктерге куштар эле.

Кытылдап күлүп турса жан кыздары
Дүйнөсү түгөл эле,
Сөзүн да бийик сүйлөп,
Өзүн да бийик тутуп жүрөөр эле.
Жан эле жамандыкта жүдөбөгөн.
Үйрөттү кыздарына,
Жашашты жүрөк менен...

Кыздары жетилгенде,
Айылдын четиндеги,
Кичине жаман үйгө,
Атасы алар менен кошо тапкан,
Атасы алар менен кошо баккан,
Максаттар батпай калды.
Кыздары тарады анан туш тарапка.
«Дүйнөнү көрө элек» деп,
«Дүйнөсү кеңейет» деп,
Муну да туура көрдү
Билимге, бийиктерге куштар ата.

Кыздарын ээрчип кетти
Атанын тилектери, максаттары.
Кыздары келген сайын божурашып,
Айтышып көргөндөрүн,
Айтышып көргөн жерин
Атанын тилектерин кайра өзүнө,
Апкелип жүрүштү чоң белек кылып.
Кыздары көргөндөрдү,
Кыздары көргөн жерди,
Өзү да көргөн өңдүү
Божурап айтып жүрдү башкаларга.
Максаты бийик ата – Асман Ата
Көрүнчү кыздарына өлбөчүдөй.

Кашайып, ата гана билет эле
Асмандын үстүндө да асман барын,
Кыздары алып келчү белек кылып,
Ааламдын ак шамдарын,
Ааламдын ак таңдарын
Көрө турган
Күндөрү аз калганын...

...Айылдын четиндеги
Кичине жаман үйдө,
Өзү жок кала турган,
Кыздарын аяп улам,
Калтырып мурас кылып кыздарына
Максатын, тилектерин,
Өттү ата бул дүйнөдөн...
Жөлөнүп турган экен,
Атанын колундагы таягына,
Күп этип кулап түштү, дүйнөң түшкүр,
Үлп этип өчтү жарык.
Айрылды периштелер канатынан!

*2015-ж.*

* * *

Жомоктой күндөрүмдө
Жолумда жолдош болгон,
Жүзүңдү көрөйүн деп
Жүрөгүм салып берип колдон колго,
Жүздөрүн буруп кеткен көз көрүнөө,
Коштошпой кеткен менин жакшыларым!
Алдастап турганымда,
Алдастап силер дагы өзгөрдүңөр...

Өзгөргөн сайын силер
Жөнөкөй сөздөр менен,
Жөнөкөй сүйүү менен өзгөрбөгөн,
Ырдадым силерди мен!
Ырдалган сайын силер,
Акырын сиңип, сүңгүп жок болдуңар
Жактарга мен укпаган, көз көрбөгөн.

Силердей кош жолдуулар,
Адашпай кайрылбасын,
Ай тийген жерде гана жаркылдашын
Мен анда кайдан билдим?

Мен болсо баягыдай
Силерден акыл сурап,
Силерге бакыт сурап,

Силердин барыңарга канаат кылып,
Күн тийбей турган жерди күнөстөдүм.
«Кайрылат,– дедим,– бир күн эп көрүшсө»,
«Кайрылат,– дедим,– бир күн өзгөрүшсө»,
Көңүлгө жаман ойду түнөтпөдүм.
Жообу жок калып анан суроолорум,
Жообу жок калгандан соң тилектерим,
Жомоктун күнү бүтүп жүрөктөгү,
Карегим жашка толуп,
Тиктедим силерди мен...

Тиктеген сайын силер
Чайпалып, термелдиңер,
Чаржайыт өзгөрдүңөр,
Каттыңар анан менин карегимде.
Бозоруп таштай болуп,
Адашкан пейил болуп көрүндүңөр.
Калдыңар анан бир күн эске түшпөй,
Акырын айландыңар эстеликке,
Туш келген согуштарга, төңкөрүшкө...

Мен анда билет элем, эстеликти,
Төңкөрүш кулатаарын,
Согуштар кыйратаарын,

Кулаган сайын ошол эстеликтер,
Жүрөктү муң басаарын,
Анан да эстеликтер
«Сактап кал мени» дешип кыйнашаарын,
«Унутпа мени!» дешип ыйлашаарын,
Мен анда билет элем...

*2015-ж.*

## Сүйүүнүн өгөй кызы

Бардыгы жектеп алган,
Баарынан четте калган,
Басалбай араң жүрүп,
Атаба деген сайын,
Акылдан өчкүс кылып,
Ааламын кеч күз кылып,
Асылкеч адамынын,
Ысымын жаттап алган,
Сүйүүнүн өгөй кызы...

Азаптан азып алган,
Азаптан азык алган,
Көмдүрүп салса сүйүү,
Маңдайга бүткөн жалгыз,
Жапжалгыз азап ырын,
Көрдөн да казып алган...
Эстебе деген сайын,
Эсимден чыкпасын деп,
Көөдөнгө, көңүлүнө,
Көлкүгөн пейилине,
Дубалга, дарактарга,
Бүт бардык тараптарга,
Сүйүүсүн жазып алган,
Сүйүүнүн өгөй кызы...

Баарынан кечип коюп,
Абийирден башкасын бүт
Байпактай чечип коюп,
Байкатпай чечип коюп,
Турмуштун зындандарын,
Жапайы ыры менен,
Тешип, ойуп...
Жапайы тилек менен,
Жапайы күйүт менен,
Жапайы үмүт менен,
Баарына кешик коюп,
жабыкпай жашап келет
Сүйүүнүн өгөй кызы...

*2000-ж.*



## Мазмуну

Баш сөз ....................................................3
«Күлкүгө суз, күйүткө суз, жашка суз...» ............ 5
«Алыстыкты жазыш азыр кандай оор!...» ............ 6
«Ушул жашоо... Талаа болуп күнөстүү...»............ 7
«Өзүңдөн, өзгөлөрдөн, өзүмдөн да...» ................ 9
«Башынан башаламан бул өмүрдө...» ................11
«Карабай ойду, тоону, туш тарапка...» ..............12
«Мендей чарчап, менден чарчап ооруган...» .........13
«Жашалбаган жашоо кандай таттуу да...» ...........14
Энем Айканга ..........................................16
«Кечирим, оо сен азыр сурабаган...» .................17
«Сыйын алып, сынык чыны албастан...» ..............18
«Эркин, эрке, бирде жымжырт, мээлүүн бир...» ...19
«Төрөлбөгөн балдарымдын атасы!...» .................20
«Кыйык өңүн ыйык менен жашырган...»...............21
«Көңүлүңдү таштап келген көчөгө...»...................22
А. К. ......................................................23
«Куттуу үйгө кабар айтпай, чакыртпай...» ..........24
«Бул өмүрдүн жазы бар да, күзү бар...»...............26
«Өтөөр күндү элдей эле узатып...» ....................27
«Узак жолдо учу-түбү карарган...».....................28
«Өмүрүңө, кимдер башын бакпаган...» ...............29

«Салам сага, шамалы оор түндүктөн...» ................30
«Мен өмүрдөн кеткен кезде күз гүлдөп...» ...........31
Алиман Абдыкеримовага.....................................32
Мен – аялмын ..................................................33
Дүйнө ...............................................................35
Груз –200 ........................................................36
Атам Өмүрдүн жаркын элесине..........................38
«Жомоктой күндөрүмдө...» ..............................41
Сүйүүнүн өгөй кызы ...........................................44

*Көркөм-адабий басылма*

**Гургубаева Нарсулуу**

**АЛЫСТАГЫ АК ЖАРЫК**

**Ырлар**

*Бишкек, «Улуу Тоолор» басмасы*

*Кыргыз тилинде*

Редактору *Жыргалбек Касаболотов*
Корректору *Жумадин Кадыров*
Компьютерде калыпка салган *Рая Терибаева*

*Китептин мукабасын жасалгалоодо сүрөтчү*
***Ася Умарованын** «Жоголуп бараткандар»*
*аттуу сүрөтү колдонулду.*

Басуугa 30.04.2016-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 70x108$^{1}/_{32.}$ Көлөмү 3,5 б.т.
Нускасы 1000 даана.

«Улуу Тоолор» басмасынын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары, Ю. Абдрахманов көчөсү, 170А